| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br>ОКТЯБРЬ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ОКТЯБРЬСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

XXVIII-чакырылышынын кезектеги 14-сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2022жылдын 28 сентябр № 49 Октябрь а.

**Токтомго өзгөртүү киргизүү жөнүндө.**

Октябрь айылдык Кенештин 2021-жылдын 21-майындагы № 6 "Туруктуу комиссияларынын курамын бекитүү" боюнча токтомуна өзгөртүү киргизүү боюнча Октябрь айылдык Кенеш токтом **кылат**:

1.Октябрь айылдык Кенештин "Социалдык маселелер " боюнча туруктуу комиссиянын курамынын мүчөсү Бектуров Жаныбек Бектуровичтин ордуна Ирсалиева Эльвира Кенешбековна "Социалдык маселелер " боюнча курамынын мүчөсү болуп киргизилсин.

2.Бул токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы төраганын орун басары И.Т. Тогузбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Иманалиев**

Жиберилди: Иш кагазына -1. Юстицияга-2.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ
ОКТЯБРЬ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ
ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОКТЯБРЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

XXVIII чакырылышынын кезектеги 14-сессиясы

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2022-жылдын 28 сентябр № 50 Октябрь а.

## Жайыт жерден малды жаюу менен байланышпаган туризм багытына пайдаланууга берүү жөнүндө

Октябрь айылдык Кеңеш Октябрь айыл аймагына караштуу жайыт комитетинин төрагасы А.Айтикеевдин мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдаланууга укук берүү боюнча Жолколот айылынын тургуну Иса Орозбаевге токтом чыгарып берүү боюнча кайрылуусун Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 11-мартындагы №76 "Кыргыз Республикасынын туризимди өнүктүрүүнү колдоо жөнүндө" Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013жылдын 3-сентябрындагы №515 "Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдаланууга укугун берүү тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык кайрылуусун карап таанышып чыгып Октябрь айылдык Кеңеш токтом кылат:

1.Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин макулдугу Жолколот айылынын тургуну Иса Орозбаевге Жолколот айылына караштуу жайыт жеринин №520 контурундагы 5 га жер тилкесин туризм жана кесиптерди ар тармактуу өнүктүрүү максатында убактылуу пайдаланууга бөлүнүп берилсин.

2. Жайыт пайдалануучу И.Орозбаевге жайыт пайдалануу тартибин сактоо жагы милдеттендирилсин.

3.Жайыты пайдалануу боюнча ижара акысы эки тараптын макулдашуусунун жана жайыт пайдалануучулардын кызыкчылыгын эске алуу менен келишим түзүлсүн келишим түзүү жагы жайыт комитетине милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы Октябрь айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы К.Кенжебаевге жүктөлсүн.

Төрага Т.Иманалиев

Жиберилди: Иш кагазына -1, Октябрь а/ө-1, арыз ээсине-1, Ташиевага-2.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ
ОКТЯБРЬ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ОКТЯБРЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**XXVIII-чакырылышынын кезектеги 14-сессиясы**

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

2022-жылдын 28 сентябрь № 52 Октябрь а.

**Жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө.**

Октябрь айыл аймагынын Жолколот айылынын тургуну Көбөгөнов Кайрат Бексултановичтин № 500 контурунда айыл чарбасына жараксыз 0.20 га жер тилкесин мал сарай үйү менен курууга арызын карап, таанышып чыгып Октябрь айылдык Кенеш **токтом кылат:**

1.Жолколот айылынын тургуну Көбөгөнов Кайрат Бексултановичке № 500 контурунда 0.20 га айыл чарбасына жараксыз жер тилкесин мал сарай үйү менен курууга жеке менчике бөлүнүп берилсин.

2. Ак-Суу райондук мамлекеттик администрацияга багытын өзгөртүү боюнча суралсын .

3. Бул токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы Октябрь айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы К.Кенжебаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Иманалиев**

Жиберилди: Иш кагазына -1. Октябрь а/о-1, арыз ээсине-1, Юстицияга-2.